Албетте, коалициялык келишим фракция жөнүндөгү жобо менен катар коалициянын курамына кирген парламенттик фракциянын ишин жөнгө салган өзүнчө бир документ болуп саналат.

Муну менен коалициялык келишим парламенттик механизмдер фракциянын социалдык ролунун көрсөткүчүнө айланууда.

Бул планда каралган демократиялык парламенттин ийгиликтүү иштеп кетүү үчүн фракциялар иштей баштайт, деп туура белгиленип кеткен, алар парламентти партиялык белгилери боюнча классификациялайт, парламенттик комиссиялардын комитеттердин, органдардын кесиптик-саясий курамын белгилеп кетет.

Парламенттик фракция ишмердүүлүктүн ортосунда гана турбастан, ортомчулдук кылуу милдеттенменида аткарып, парламенттин ортосундагы өз ара мамилени депутаттар менен да камсыз кылып турат, ошондой эле партиялык бирикмелер менен комитеттердин ортосун, парламенттеги жана аткаруу бийлигинин саясий жетекчилер менен массалык маалымат каражаттардын ортосун, жана акыры барып бийлик менен шайлоочу ортосун байлап бириктирип турат [6].

## Жыйынтык

Парламенттик фракциялардын ролу саясий партия өзүнүн шайлоо алдындагы платформасында кандай убадаларды берип жана ишке ашыруу үчүн анын фракциясы парламентте кандай иштерди жасап жаткандыгы менен аныкталары белгиленген.

## Адабияттар тизмеси:


1. Н.К. Нарматовдун юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты. Ош шаары 2018 ж. https://iuk.kg.
2. Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө Кодекс / Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ведомосту. – 1999. - № 9.- 436-берене
3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды.
4. http://kabar.kg/news/sooronbai-zheenbekov-vstretilsia-s-toraga-i-liderami-fraktcii-zhogorku-kenesha/.
5. “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 25-ноябрь 2011-жыл, № 223.
6. Теоретико-правовые основы и деятельность депутатских фракций в Жогорку Кенеше (Парламенте) Кыргызской Республики. Нурматов Т.А. //Вестник КРСУ. – Бишкек, 2014. - № 6. – С.138-139.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.428

Поступила в редакцию: 25.04.2024 г.

**УДК: 347.921**

***Токтакун к. Г.***
*к.и.н., ст. преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Нийматжан к. Н.***
*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# СОТТОГУ ӨКҮЛЧҮЛҮК ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*Изилдөөнүн предмети бул жумушта жарандык сот өндүрүшүндө соттук өкүлчүлүк түшүнүгү, соттук өкүлдүн ыйгарым укуктары жана процесстик статусу, соттук өкүлчүлүктүн ар кандай түрлөрүн ишке ашыруу механизми, ошондой эле соттук өкүлчүлүк институтунун натыйжалуулугун жогорулатууга таасир этүүчү факторлор саналат. Изилдөөнүн максаты – жарандык сот өндүрүшүндө укук мамилелери катары соттогу өкүлчүлүк жана анын түрлөрүн, жарандык процесстеги ролун теориялык талдоо. Изилдөөнүн ыкмасы – жумушта логикалык,*

*салыштырма-укуктук, тарыхый жана формалдуу-укуктук изилдөө ыкмалары колдонулган. Алынган натыйжалар -юристтердин, адвокаттардын жана сотто өкүлчүлүккө катышкан башка субьекттердин практикасында колдонуга сунушталат. Келечектеги изилдөөлөр сотто өкүлчүлүктүн ар кандай түрлөрүнүн талдоого, жарандык сот өндүрүшүндөгү өкүлчүлүктүн теориялык түшүнүгүн кеңейтүүгө жана бул практиканы жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга багытталат.*

***Негизги сөздөр:*** *жарандык сот өндүрүшү; өкүл; ыктыярдуу өкүлдөр; мыйзамдуу өкүлдөр; юридикалык жактардын өкүлдөрү; коомчулуктун өкүлдөрү; укуктук институт.*

## ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПРЕДСТАВИТЕЛЬСТВА В СУДЕ И ЕГО ВИДЫ

*Предметом исследования в данной работе является понятие судебного представительства в гражданском судебном процессе, полномочия и процессуальный статус судебного представителя, механизм реализации различных видов судебного представительства, а также факторы влияющие на эффективность института судебного представительства. Цель исследования - теоретически проанализировать представительство в суде как правоотношение, его виды и роль в гражданском процессе. Метод исследования - в работе использованы логический, сравнительно-правовой, исторический и формально-правовой. Полученные результаты рекомендованы к использованию в практике адвокатов и других лиц осуществляющих представительство в суде. Дальнейшие исследования будут направлены к анализе различных видов представительства в суде, расширении теоретического понимания представительства в гражданском судебном процессе и разработке рекомендаций по совершенствованию судебной практики.*

***Ключевые слова:*** *гражданское судопроизводство; представитель; добровольное представительство; юридическое представительство; представительство юридических лиц; общественное представительство; правовой институт.*

## THEORETICAL FOUNDATIONS OF REPRESENTATION IN COURT AND ITS TYPES

*The subject of the study is the concept of judicial representation in civil litigation, the powers and procedural status of a judicial representative, the mechanism for implementing various types of judicial representation, as well as factors influencing the effectiveness of the institution of judicial representation. The purpose of the study is to theoretically analyze representation in court as a legal relationship, its types and role in civil proceedings. Research method - the work uses logical, comparative legal, historical and formal legal. The results obtained are recommended for use in the practice of lawyers and other persons engaged in representation in court. Further research will be aimed at analyzing various types of representation in court, expanding the theoretical understanding of representation in civil litigation and developing recommendations for improving judicial practice.*

***Key words:*** *civil proceedings; representative; voluntary representation; legal representation; representation of legal entities; public representation; legal institution.*

Жарандык сот өндүрүшүндө процесстик өкүлчүлүктүн көйгөйлөрүн изилдөө жарандык процесстик укук илиминде ар дайым *актуалдуулукту* жаратып келет. Ага көрүнүктүү процессуалдык окумуштуулардын көптөгөн эмгектери арналган. Бирок ага карабай, жарандык процесстик өкүлчүлүктүн фундаменталдык түшүнүктөрү, жарандык процесстеги ролу, ушул юридикалык илимге мүнөздүү болгон башка укуктук кубулуштар менен өз ара байланышы толук кандуу изилдөөгө алына элек. Жарандык сот өндүрүшүндөгү өкүлчүлүктүн көп кылымдык тарыхы процессуалдык өкүлчүлүктүн пайда болуу максатын көрсөтөт жана соттор жарандык иштерди кароодо өкүлдүн укуктук ордун аныктоонун принципиалдуу мамилелерин камтыйт. Ошондуктан соттук өкүлчүлүктүн тарыхына жана бул институттун ырааттуу өнүгүшүнө ар кандай укук системасы бар өлкөлөрдө көп көңүл бурулат [1].

Жарандык сот өндүрүшүндө соттук өкүлчүлүк жарандарга жана уюмдарга юридикалык жардам көрсөтүүгө, алардын укуктарын жана мыйзам тарабынан корголуучу таламдарын коргоого көмөк көрсөтүүгө багытталган. Сот өкүлүнүн жарандык сот өндүрүшүнө катышуусу

тараптардын иш жүзүндөгү мамилелерин, процесстин катышуучуларынын демилгелеринин жана активдүүлүгүнүн көрүнүшүн тактоого жардам берет.

Процессте ишти алып баруу эреже катарында укугу бузулган субъектинин өзү тарабынан жүргүзүлөт. Ал эми тигил же бул жагдайларга байланыштуу процесске алардын тике өзүлөрүнүн катышуулары мүмкүн болбогон учурларда (ооруп калуу, аракет жөндөмдүүлүгүн жоготуу, узакка созулган командировкада болуу ж.б.) алардын иштери өкүлдөр тарабынан жүргүзүлөт. Юридикалык жактардын жана юридикалык жактын статусуна ээ болбогон башка уюмдардын иштерин сотто, алардын өздөрүнө мыйзамдар, уюштуруу документтери тарабынан берилген ыйгарым укуктарынын чектеринде аракеттенген алардын органдары же тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болгон өкүлдөрү жүргүзөт. Уюмдардын жетекчилеринин процесске катышуулары үчүн сотто алардын кызматтык абалын жана ыйгарым укуктарын күбөлөндүргөн документтерин көрсөтүү эле, жетишээрлик болуп эсептелет.

Изилдөөнүн *предмети* болуп жарандык сот өндүрүшүндө соттук өкүлчүлүк түшүнүгү, соттук өкүлдүн ыйгарым укуктары жана процесстик статусу, соттук өкүлчүлүктүн ар кандай түрлөрүн ишке ашыруу механизми, ошондой эле соттук өкүлчүлүк институтунун натыйжалуулугун жогорулатууга таасир этүүчү факторлор саналат.

Изилдөөнүн *максаты* – жарандык сот өндүрүшүндө укук мамилелери катары соттогу өкүлчүлүк жана анын түрлөрүн, жарандык процесстеги ролун теориялык талдоо.

. Бул максаттарга жетүүдө төмөндөгүдөй *милдеттер* коюлду:

- соттогу өкүлчүлүктүн түшүнүгүнө укуктук мүнөздөмү берүү;
- соттогу өкүлчүлүктүн түрлөрүн талдоо;
- азыркы жарандык сот өндүрүшүндө өкүлдүн ордун аныктоо;

-укуктун комплекстүү дисциплиналар аралык институту катары соттогу өкүлчүлүктүн теориялык жана укуктук моделин терең изилдөө ж.б. кирет.

Изилдөөнүн *методологиялык* негизин логикалык, салыштырма укуктук, тарыхый, формалдуу-укуктук ж.б. методдор түзөт.

Кыргыз Республикасынын атынан сотто ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, ал эми жергилиткүү жамааттардын атынан - бул органдардын статусун аныктаган, ал органдар жөнүндөгү жоболордо же башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген, өз компетенциясынын чектеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары катышат.

Соттук өкүл - бул тараптын, үчүнчү жактын же дагы башка ишке катышуучунун атынан жана алардын кызыкчылыгы үчүн өзүнө берилген ыйгарым укуктун чегинде аны өкүл койгондун процесстик укуктары менен милдеттерин ишке ашыруу үчүн процесстик иш аракет жасоочу, жарандык процесстик аракет жөндөмдүүлүгү бар адам. Соттогу өкүлчүлүк бардык жарандык иштер боюнча, бардык сот инстанцияларында жана жарандык процесстин бардык стадияларында да мүмкүн.

*Соттук өкүлдүн түрлөрү*. Соттук өкүлдөр пайда болуу негиздерине жараша бир нече түргө бөлүнөт, аларга:

1. Ыктыярдуу өкүлдөр;
2. Мыйзамдуу өкүлдөр;
3. Юридикалык жактардын өкүлдөрү;
4. Коомчулуктун өкүлдөрү кирет.

**Ыктыярдуу же болбосо макулдашылган өкүлдөр.** Ыктыярдуу өкүлдөр - тапшырма макулдашуу же эмгектик макулдашуу негизинде пайда болот. Макулдашылган өкүл-өкүл коюучунун процесстик укуктары менен милдеттерин жарандык процесстик кодексте каралган көлөмдө гана ишке ашыра алат. Макулдашылган өкүл сотто өкүл болууга укугу бар деп,

мыйзамда көрсөтүлгөндөрдүн ичинен гана тандалып алынууга тийиш. Сотто өкүл боло албай турган адамдардын тизмеси жарандык процесстик кодекстин 60-беренесинде көрсөтүлгөн. Буларга: сот, тергөөчү, прокурор жана өкүлчүлүктүү органдардын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын депутаттары, алар тиешелүү уюмдардын ыйгарым укуктуу өкүлү же мыйзамдуу өкүлү катары процесске катышкандан башка учурларда, сотто өкүл боло алышпайт [2].

Макулдашылган өкүлчүлүктөрдүн соттун практикасында көбүрөөк таркаган түрү бул адвокаттар менен юридикалык консультация берүүчүлөрдүн катышуулары болуп саналат. Анткени, алар атайын юридикалык билимге ээ болгон адистер катары, жалаң эле сотто кызыкчылыгы корголуучу субъектиге гана эмес, соттун өзүнө да квалификациялуу юридикалык жардам берүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар.

**Мыйзамдуу өкүлдөр.** Мыйзамдуу өкүл деп, ишеним кат формасында түзүлүүчү макулдашылган өкүлдөр эмес, мыйзамдын так өзүнө негизделген өкүлчүлүктү айтабыз. Аракет жөндөмдүүлүгү жок жарандардын, аракет жөндөмдүүлүгүнө толук ээ болбогон, аракет жөндөмдүүлүгү чектелүү деп таанылган, жарандардын укуктары жана мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктары, сотто алардын ата-энелери, баланы асырап алгандар, камкорчулук кылуучу же көзөмөлдөөнү ишке ашыруучу органдар тарабынан корголот, алар болсо өздөрүнүн сотко ыйгарым укуктарын күбөлөндүрүүчү документтерин келтирет. Мыйзамдуу өкүлдөр өкүл коюучулардын атынан мыйзамда көрсөтүлгөн чектөөлөрдү эске алуу менен өкүл коюучулар жасоого укугу болгон бардык процесстик аракетттерди жасашат. Белгиленген тартипте, дайынсыз жоголгон деп табылган жаран катышууга тийиш болгон иш боюнча, анын өкүлү катарында, дайынсыз жоголгондун мүлкүн сактоо жана башкаруу үчүн дайындалган камкорчу катышат. Өлгөн же белгиленген тартипте өлдү деп жарыяланган адамдын мураскору катышууга тийиш болгон иш боюнча, эгерде мурас али эч ким тарабынан кабыл алынбаган болсо, мураскордун өкүлү катарында мурастык мүлктү сактоо жана башкаруу үчүн дайындалган камкорчу катышат [3].

**Юридикалык жактардын өкүлдөрү**. Юридикалык жактардын иштерин сотто мыйзам, устав же жобого ылайык аларга берилген укуктардын чектеринде аракет кылуучуалардын органдары жүргүзүшөт. Юридикалык жактардын органы катарында катышкан уюмдардын, ишканалардын жетекчилеринин сотко, алардын кызмат абалын көрсөткөн ыйгарым укуктарын күбөлөндүрүүчү документтерди келтирүүлөрү жетиштүү болот, б.а. алардын процесске катышуусу үчүн эч кандай атайын күбөлүк-каттын кереги жок. Мыйзам ошондой эле, юридикалык жактардын соттогу ишин жүргүзүүнү өкүлдөргө тапшыруу мүмкүнчүлүгүн да карайт, мындай учурда өкүлдүн ыйгарым укуктары, ишеним кат менен жабдылууга тийиш. Жалпысынан алганда юридикалык жактардын жана юридикалык жактын статусун албаган уюмдардын өкүлчүлүгү макулдашылган өкүлдөр тармагына кирет.

**Коомчулуктун өкүлдүгү**. Жарандык процесстеги коомчулуктун өкүлчүлүгү процесстик укуктун кээ бир өзгөчөлүктөрүнөн болуп саналат. Мында баарыдан мурда өзүлөрүнүн мүчөлөрүнүн укуктарын коргоо, алардын негизги милдеттеринин бири болгон адистик бирикмелерди айтсак болот. Сотто өкүл болууга укугу барлардын ичине жумушчулар менен кызматчылардын, ошондой эле укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо адистик бирикмелер тарабынан ишке ашырылуучу жактардын иштери боюнча адистик бирикмелердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кирет. Жарандык процесстеги эмгекчилер менен кызматчылардын иштери боюнча адистик өкүлчүлүк эң чоң мааниге ээ болуу менен бирге, өлкөдөгү реалдуу демократиянын көрүнүштөрүнүн бири болуп эсептелет. Өзүнүн мүчөлөрүнүн ишин сотто алып баруу укугу тийиштүү укук ченемдүү актыларда адистик башка дагы бир катар коомдук

уюмдарга да берилет. Коомдук өкүлдүн пайда болушунун негизи болуп ошол уюмга кабыл алынуу фактысы эсептелет. Аларга: профсоюз органдары, ойлоп чыгаруучулар менен автордук иштер боюнча республиканын агенттиги жана башка уюмдарды кошууга болот [4].

*Өкүлдүн ыйгарым укуктары.* Сотто зарыл болгон процесстик иш аракеттерди жасоо үчүн өкүлдөр белгилүү бир ыйгарым укуктарга ээ болуулары зарыл.

Жарандык процесстеги өкүлдүн ыйгарым укуктары деп жарандардын өкүлдөрү, юридикалык жактын органы же анын өкүлү тарабынан тикелей жаранга, юридикалык жакка алардын ишеним көрсөтүүлөрүнө жараша, жана тиешелүүлүгү боюнча укук жана милдеттерди жаратуучу процесстик аракеттерди айтабыз. Жарандар тарабынан берилүүчү ишеним каттар нотариалдык тартипте күбөлөндүрүлөт, ошондой эле ишенимдүү адам иштеген же окуган мекемелер, ишканалар, уюмдар же жаран дарыланып жаткан стационардык дарылоо мекемесинин админстрациясы тарабынан, эгерде ишеним кат аскер кызматчысы тарабынан берилип жатса, тиешелүү аскер бөлүгү тарабынан күбөлөндүрүлүшү да мүмкүн [5]. Юридикалык жактын атынан болгон ишеним кат тийиштүү уюмдун жетекчиси тарабынан берилет. Адвокаттын ыйгарым укуктары юридикалык консультация тарабынан берилген ордер менен күбөлөндүрүлөт. Сотто, ишти жүргүзүү үчүн туура даярдалган ыйгарым укук өкүлгө, өкүл коюучунун атынан, доо арызына же ал доону моюнга албаган актыга кол коюуудан, ишти бейтарап сотуна өткөрүп берүүдөн, доолук талаптардан толук же жарым-жартылай баш тартуудан, доону моюнга алуудан, доонун предметин өзгөртүүдөн, тынышуу келишимин түзүүдөн, ыйгарым укугун башка адамга өткөрүп берүүдөн (ишенимди өткөрүү), соттун чечимдерине даттануудан, өндүрүү үчүн аткаруу барагын келтирүүдөн, ыйгарып берилген мүлктү же акчаны алуудан тышкары, бардык процесстик аракеттерди жасоого укук берет. Жогоруда тизмеленген материалдык укук аракеттерин жасоо үчүн өкүлдүн ыйгарым укуктары, өкүл коюучу тарабынан берилген ишеним катта атайын айтылып жана жазылууга тийиш. Демек, сотто ишти алып баруунун ыйгарым укугу өкүлгө ага өкүлдүктү тапшырган субъектинин атынан бардык процесстик гана иш- аракеттерди аткарууга укук берет.

Ошентип, соттогу өкүл процесске катышуучу катары, аларга гана мүнөздүү болгон, процесстик өзгөчө абалды ээлейт. Ишке катышуучу бардык жактардан, айрымаланып, анын-өкүлдүн иштин натыйжасына байланыштуу эч кандай өз алдынча юридикалык кызыкчылыгы жок. Сот адилеттигин ишке ашырууга көмөк көрсөткөн бардык процесске катышуучулардан айрымаланып, ал ошол өзү кызыкчылыгын коргоп жаткан жактын процесстик укугунан гана келип чыккан процесстик укуктарга ээ.

Өкүлдөрдүн ыйгарым укуктары алардын процесстик абалын жана мыйзамдын мазмунун эске алуу менен жалпы жана атайын деп эки түргө бөлүнөт.

Мындан сырткары, процесстик өкүлчүлүк юридикалык өкүлчүлүктүн бир бөлүгү болуп саналат жана юридикалык жардам көрсөтүүдө кепилдиктерди ишке ашырууга өбөлгө болот. Юридикалык жардам көрсөтүүдө кепилдик маселеси жарандык процесстин гана көйгөйү эмес, сот системасынын, социалдык камсыздоонун, салык мыйзамдарын реформалоонун көйгөйлөрү менен айкалыштыруу менен чечүү зарылдыгын эсиңиздерге салмакчыбыз.

## Жыйынтыктар:

1. Соттогу өкүл түшүнүгүнө төмөндөгүдөй мүнөздөмө берилген: “Соттук өкүл - бул тараптын, үчүнчү жактын же дагы башка ишке катышуучунун атынан жана алардын кызыкчылыгы үчүн өзүнө берилген ыйгарым укуктун чегинде аны өкүл койгондун процесстик укуктары менен милдеттерин ишке ашыруучу, процесстик иш аракет жасаган жарандык процесстик аракет жөндөмдүүлүгү бар адам”. Жарандык процесстеги өкүлдүн ыйгарым укуктарынын жалпы түшүнүгү анын укуктары менен милдеттеринин биримдиги катары

каралат. Өкүлчүлүк – жарандык процесстин система түзүүчү элементи болуп, анын позициясы процесстин белгилүү бир системага ыйгарылышын негизи катары аныкталды;

3. Процесстик өкүл ишке катышуучу жак катары классификацияланууга тийиш, анткени ал кээде процесске өз алдынча мыйзамдуу кызыкчылык менен (материалдык, социалдык) өзүнүн эркин билдирет жана мыйзамда көрсөтүлгөн белгилүү укуктарга ээ. Мына ошондуктан сотто өкүлдөр ишке катышуучу жак катары каралууга тийиш экендиги белгиленди;

4. Процесстик өкүлчүлүк укуктун татаал дисциплиналар аралык институту катары мүнөздөлүп, материалдык жана процесстик укуктун ченемдери менен жөнгө салынары көрсөтүлдү;

5. Жарандык сот өндүрүшүндө процесстик өкүлчүлүктүн маңызы, жарандык процесстеги орду, ушул юридикалык илимге мүнөздүү болгон башка укуктук кубулуштар менен өз ара байланышы боюнча эмгектер мындан ары да изилденүүсү шарт;

6. Жумушта негиздеген корутундулар жарандык сот өндүрүшүндөгү өкүлчүлүктүн теориялык түшүнүгүн кеңейтүү менен бул институттун концептуалдык көйгөйлөрүн чагылдырууда жана укук ченемдерди жаратууда колдонууга сунушталат.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Сатыбеков, С.С.** Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик укугу [Текст] / С.С. Сатыбеков. – Бишкек, 2012. – С. 442 - 444.
2. Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик кодекси. – Бишкек, 1999. - № 146. 57-берене.
3. **Халатов, С.А.** Проблемы представительства в гражданском судопроизводстве [Текст]: автореф. дис. … канд. юрид. наук: 12.00.03 / С.А. Халатов . - Москва, 2000. – 171 с.
4. **Саттаров, Ф.С.** Представительство в гражданском процессе: национальный и зарубежный опыт [Текст] / Ф.С. Саттаров // Журнал общество и инновации. – Самарканд: In Science, 2021. – С. 9-16.
5. **Кармышакова, М.А.** Роль и значение нравственности в системе норм гражданского права [Текст] / М.А. Кармышакова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУМУ, 2023 – №2. – С.245 – 250.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.361

Поступила в редакцию: 26.04.2024 г.

**УДК 34.343**

***Нарботоева Э.М.***
*аспирант Кыргызско-Узбек. Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Токтогулов С.***
*аспирант Кыргызско-Узбек. Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*
***Жаасынбек к. А.***
*к.ю.н., Ошский государственный университет, Кыргызская Республика*
***Маманова А.Ж.***
*преп. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК КЫЛМЫШКЕРЛЕРДИН ПСИХОЛОГИЯСЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары жашы жете элек кылмышкерлердин психологиясы болуп саналат. Изилдөөнүн максаты: жашы жете элек кылмышкердин инсандыгын изилдөө криминологиянын алдыңкы жана ошол эле учурда эң татаал көйгөйлөрүн аныктоо. Изилдөөдө адабияттарды, мыйзамдарды талдоо, салыштыруу жана жалпылоо илимий методдору колдонулган. Криминология илим катары кылмышкердин инсандыгын изилдейт, бирок мындай изилдөөлөр мүнөздүү, анткени объектини изилдөө мүнөзүнө байланыштуу, алар ар бир адамдын индивидуалдуулугу менен аныкталган социалдык-экономикалык жана маданий баалуулуктарды изилдөөгө караганда ар тараптуу. Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, Кыргызстандагы жашы жете электердин психологиялык кылмыштуулугундагы жагымсыз түзүмдүк өзгөрүүлөр жөнүндө*